4.26. Мектеп директорунун буйругу менен мугалимдер арасында класс жетекчилер дайындалат.

Класс жетекчинин милдеттери;

- Бекитилген класс окуучулар менен тарбиялык иш алып барат;
- Окуучуларды эрежени сактоого үндөйт;
- Ата-энелер менен тыгыз байланышта болот;
- өз убагында окуучуга жардам уюштурат;
- класстын ишмердүүлүгүн тейлеген документтерди жүргүзөт;
- Иш-чараларды уюштурат.

## V. Мектепти башкаруу

5.1. Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Жалпы билим берүү уюму жөнүндө Типтүү жобого жана ушул уставга ылайык демократиялык ачык айкындык, өз алдынчалык жана мамлекеттик-коомдук кызматташтык принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

5.2. Мектепти тең башкаруунун тариздери болуп жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш, камкорлук кеңеш, ата-энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруулары жана башка кенештер эсептелет.

5.2.1. Окуу-тарбия процесстерин өнүктүрүү жана жакшыртуу, мугалимдердин жана класс жетекчилердин кесиптик чеберчилигин жана чыгармачылык өсүүсүн жогорулатуу максатында **Педагогикалык кеңеш** – мектептин директорунун төрагалык кылуусунда, мектептин педагогикалык кызматкерлерин бириктирген коллегиялык орган иш алып барат.

Мектептин **Педагогикалык кеңеши** (мындан ары текст боюнча Педкеңеш) мектептин бардык педагогикалык кызматкеринен турат. Педкеңештин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

-мектепте окуу-тарбия процесстеринин абалын, мугалимдердин кесиптик деңгээлин, мектептеги ар бир окуучунун билимин, адебин жана өнүгүүсүн диагностикалоо;

- Окуу жүктөмүн бөлүштүрүү;

- Педагогикалык кадрларды жайгаштыруу;

-бүтүрүүчү эмес класстардын окуучулары үчүн орто-аралык аттестация жүргүзүү тартибин аныктоо;

-9-11 класстардын окуучуларынын жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү үчүн предметтердин санын аныктоо;

-предметтер боюнча 1 академиялык карызы бар окуучуларды кийинки класска шарттуу которуу;

-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 2 же андан көп академиялык карызы бар окуучуларды кийинки окуу жылына калтыруу;

-билим берүү программаларын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучуларды кийинки класска которуу;

-окуу-тарбия процесстерин жакшыртуу жана анын жогорку сапатын камсыз кылуу менен байланышкан педагогикалык көйгөйлөрдү чечүү;

-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестация жүргүзүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу;